КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ
ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 21- ноябры № 31/117**

**Кызыл-Кыя шаарынын табийгый газ тартылбаган көчөлөрүнө жана участокторуна газ түтүктөрүн орнотуу үчүн “Газпром Кыргызстан” ЖЧК “Ошгаз” филиалынын Баткен газ тейлөө кызматына жер тилкесин убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардык кеңештин Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 15-ноябрындагы №43 протоколун жана Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын алдындагы Муниципалдык менчик департаментинин директору И.Салиевдин 2023-жылдын 30-октябрындагы № 02-6/2138 жана № 02-6/2157 каттарын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаарынын табийгый газ тартылбаган көчөлөрүнө жана участокторуна газ түтүктөрүн орнотуу үчүн “Газпром Кыргызстан” ЖЧК “Ошгаз” филиалынын Баткен газ тейлөө кызматына жер тилкесин убактылуу пайдаланууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун 1-пунктун аткарууда тийиштүү иш-кагаздарын даярдоо жагы Кызыл-Кыя шаарынын мэри А.Маткалыковго жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**